## ИСТОРИЯ

УДК: 008(51)
DOI 10.33514/1694-7851-2023-1-36-40

**Курбанова Н.У.**
тарых илим. док., проф.
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Серкебаева К.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ БАЙЛАНЫШТЫ ЧЫҢДООДОГУ КООМДУК ЖАШТАР УЮМДАРЫНЫН РОЛУ

**Аннотация:** Макалада алгачкы жолу Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы байланыштарды чыңдоодогу Жаштар уюмдарынын өзгөчө орду белгиленет. Ошондой эле Кыргызстандагы айрым россиялык мамлекеттик эмес уюмдардын ишмердиги талдоого алынат. Макала негизинен Кыргызстандагы Россиялык уюмдары менен автордун өздүк коомдук ишмердүүлүк практикасынын негизинде жазылды.

**Негизги сөздөр:** Кыргызстан, Россия, кызматташтык, россиялык жаштар уюмдары, фонддор, эл аралык мамилелер.

**Курбанова Н.У.**
док. ист. наук, проф.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Серкебаева К.**
магистрант
Кыргызский государственный университет им. И.Арабаева

# РОЛЬ ОБЩЕСТВЕННЫХ МОЛОДЕЖНЫХ ОРГАНИЗАЦИЙ В УКРЕПЛЕНИИ СВЯЗЕЙ МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И РОССИЙСКОЙ ФЕДЕРАЦИЕЙ

**Аннотация:** В статье впервые упоминается об особой роли молодежных организаций в укреплении связей между Кыргызстаном и Россией. Также проанализирована деятельность некоторых российских негосударственных организаций в Кыргызстане. Статья написана на основе собственной практики общественной деятельности автора с российскими организациями в Кыргызстане.

**Ключевые слова.** Кыргызстан, Россия, сотрудничество, российские молодежные организации, фонды, международные отношения.

**Kurbanova N.U.**
Doctor of Historical Science, Prof.
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
**Serkebayeva K.**
Master's Student

Kyrgyz State University named after I. Arabaev

**THE ROLE OF PUBLIC YOUTH ORGANIZATIONS IN STRENGTHENING TIES BETWEEN THE KYRGYZ REPUBLIC AND THE RUSSIAN FEDERATION**

**Annotation:** The article for the first time emphasizes the special place of the youth organization in strengthening ties between Kyrgyzstan and Russia. The activities of some Russian non-governmental organizations in Kyrgyzstan will also be analyzed. The article is written mainly on the basis of the author's own practice of public activity with Russian organizations in Kyrgyzstan.

**Keywords.** Kyrgyzstan, Russia, cooperation, Russian youth organizations, foundations, international relations.

Кыргызстандын азыркы мезгилдеги геосаясий жактан алганда эң жакын өнөктөшү катары Россия Федерациясы эсептелинүүдө. Макаланын актуалдуулугу катары Кыргызстан менен Россия Федерациясынын ортосундагы мамилелердин кандай жол менен өнүгүп келгендиги, саясий, экономикалык, дипломатиялык байланыштан тышкары, гуманитардык, маданий байланыштардын орду, анын ичинен эки өлкөдөгү жаштар уюмдарынын салымы канчалык экендигин изилдөө каралган.

Бул тема боюнча атайын изилдеген окумуштуулардын эмгектери жок. Бирок, жалпы Кыргызстан менен Россия Федерациясынын ортосундагы ар тараптуу байланыштарды изилдеген көптөгөн окумуштуулардын эмгектери бар. Алар, А.Жекшенкулов [9], К.Айдаркул [1], Н.К. Момошева [13], К.Н. Кулматов ж.б. Өзгөчө билим берүү, маданият жана илим боюнча М. Агранович, Е. Белозерцев, И. Левчук, В. Рахманин [7], И. Халанский, Н. Курбанова [12] ж.б. илимпоздордун эмгектери бар.

Кыргызстан менен Россиянын мамлекеттер аралык байланышынын башаты XVIII кылымда эле башталган. 1785-жылдагы Атаке баатырдын Россия империясына жиберген катынан улам жанданып, көптөгөн жылдар бою өнүгүп келген. СССРдин мезгилинде Кыргызстан Россия менен бирге 15 союздук республикасын түзүп турган. 1991-жылы 21-декабрда мурдагы союздаш 11 мамлекеттин (Беларусь, Россия, Украина, Азербайжан, Армения, Казахстан, Кыргызстан, Молдова, Тажикистан, Түркменистан, Өзбекистан) башчылары Казахстандын Алмата шаарында чогулуп, бири-биринин эгемендүүлүгүн таанып ошону менен бирге Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигин (КМШ) түзүшкөн. Бул Кыргызстандын мурдагы союздаш мамлекеттер менен өз алдынча дипломатиялык байланыш түзүүдө чоң өбөлгө болду [9].

Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы дипломатиялык жана социалдык-экономикалык, гуманитардык байланыштар Кыргызстан үчүн келечектүү сырткы байланыш болуп калган.

Кыргыз-орус байланыштары 1991-жылдын 21-июлундагы Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосундагы мамлекеттер аралык байланыштын негиздери жөнүндө келишиминен кийин андан ары өнүгүүгө жол ачылып, жаңы тепкичке көтөрүлгөн. Ушул мезгилден тарта Кыргызстан үчүн Россия Федерациясы XXI кылымдагы негизги экономикалык жана саясий өнөктөшү болуп калган. 1992-жылдын 10 июлунда Кыргызстан менен Россиянын ортосунда, достук, кызматташтык жана өз ара байланыш боюнча келишим

түзүлгөн. Эки өлкөнүн башчылары бир канча жолу мамлекеттик иш сапар менен келишип, көптөгөн келишимдерге кол коюшкан [11].

Ал эми 2000-жылдын 27-июлунда кыргыз-орус түбөлүктүү достук, союздаштык жана өнөктөштүк жөнүндө декларация кабыл алынган.

2016-жылдын мартындагы жана июнундагы жолугушууларда эки өлкөнүн Президенттери тарабынан экономикалык жактан кызматташтык келишимине кол коюлуп, В.В. Путин Кыргызстан тарабынан 1-даражадагы “Манас” орденини менен сыйланган [15].

Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы маданий, илим жана билим берүү боюнча кызматташтыктын башаты 1995-жылы кол коюлган келишимдин жана Өкмөттөр аралык, Парламенттер аралык келишимдердин негизинде жөнгө салынып келет [18].

1993-жылы Кыргызстан менен Россия Федерациясынын ортосундагы Өкмөттөр аралык келишимде эки тарапта жогорку билим берүүнүн өнүктүрүү, филиалдарды ачуу, студенттерди атайын бөлүнгөн квота менен окутуу каралган. Келишимдин алкагында Кыргызстанда Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Орус славян университети, Кыргыз-Орус билим берүү академиясы ачылган [6].

КОСУнин алкагында 1999-жылдын 19-октябрындагы №163-п буйругу менен Бишкекте Россиянын “Билим берүү, илим жана маданият борбору” ачылган. Анын максаттарынын бири катары Кыргызстандагы жаштардын Россиядагы ЖОЖдордо билим алуусуна жардам берүү, аларды даярдоо, ар кандай курстардан өткөрүү, маданий жана илимий форумдарды уюштуруу болгон. Анын алкагында Кыргызстанда “Российский мир”, “Российский фонд мира”, “Русское достояние” фонддору түзүлүп, иш алып барууда. Фондордун максаттары Кыргызстандагы жаштардын Россиялык жаштар менен байланыштарын чыңдоо, өнүктүрүү болуп эсептелет. Жыл сайын бул жаатта Россиядан Кыргызстанга, Кыргызстандан Россияга жаштар билим берүү, маданий байланыштар боюнча жолугушууларды, форумдарды жана атайын окууларды өткөрүп, жаштардын потенциалын көтөрүүгө салым кошууда. Ошондой эле, ушул тармакта Москвада жайгашкан “Мекендештердин Москвадагы үйү” өзгөчө салым кошуп келүүдө. Төмөндө Росскызматташтыктын жаштарды колдоо боюнча ишмердигине токтолобуз [19].

Россия Федерациясынын Президентинин Жарлыгы менен 2008-жылы КМШнын аймагында жашаган мекендештер жана эл аралык гуманитардык кызматташтык боюнча федералдык агенттик (Росскызматтык) түзүлгөн. Анын негизги миссиясы – Россиянын дүйнөдөгү гуманитардык таасирин күчөтүү. Бүгүнкү күндө уюм дүйнөнүн 80 өлкөсүндө 87 чет өлкөлүк өкүлчүлүктөрдөн турат. 2021-жылдан бери алар расмий эмес “Орус үйү”деп аталышкан [20].

Агенттиктин ишмердигиндеги артыкчылык КМШ өлкөлөрү, анын ичинен Кыргызстан болуп саналат. Агенттик эл аралык уюмдар менен активдүү кызматташып, шериктештик өлкөлөрүнө жардам берүү программаларына катышып, федералдык максаттуу программаларды иштеп чыгып келүүдө. Ал Кыргызстан менен маданий жана экономикалык чөйрөлөрдө эл аралык байланыштарды өнүктүрүүгө жардам берүүдө.

Агенттиктин ишинин маанилүү багыттары:

Россиялык билим берүүнү, илимди жана маданиятты жайылтуу болуп саналат. Росскызматташтык россиялык билим берүүнү жана россиялык илимдин жетишкендиктерин активдүү илгерилетүүгө, өнөктөш өлкөлөрдүн билим берүү мекемелери менен кызматташууга көп салым кошууда. Өзгөчө россиялык жогорку окуу жайларына Кыргызстандык

студенттерди тандоого катышып, миңдеген жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого салым кошуп келүүдө.

Кыргызстандын конституциясында орус тили расмий тил катары кабыл алынгандыктан, орус тилин жайылтууга салым кошуп, атайын акысыз орус тили курстарында окушат. Агенттик Кыргызстанга орус тилдүү жаш мугалимдерди ыктыярчы катары чакырып, билим берүүдөгү интеграциялык процесстерге жардам берүүдө.

2011-жылдан тартып Росскызматташтык чет мамлекеттердин саясий, коомдук, илимий жана ишкер чөйрөлөрүнүн жаш өкүлдөрү үчүн Россияга кыска мөөнөттүү таанышуу сапарларынын программасын ишке ашырууда. “Жаңы муун” программасы Россия Федерациясынын Президентинин атайын жарлыгы менен бекитилген. Жыл сайын 1000ден ашуун 25 жаштан 35 жашка чейинки жаш лидерлер Россиияга кесиптик байланыштарды түзүү, Россиянын мамлекеттик жана мамлекеттик эмес түзүмдөрү, жаштар жана коомдук уюмдар менен узак мөөнөттүү өнөктөштүк мамилелерди түзүү үчүн келишет. Мындай иш чаралардын алкагында Россиялык атактуу коомдук жана саясий ишмерлер, дипломаттар менен жолугушууларды өткөрүп, Кыргызстандык жаштарды колдоо, аларга стимул берүү жана атайын долбоорлордун үстүндө иштеп, өнөктөш болууга шарттарды түзүшөт [19]. Ушул долбоордун алкагында макаланын автору да Москвадагы Дипломатиялык Академиянын кыска мөөнөттүү курсунан окуп, атайын дипломго ээ болгон.

Росскызматташтык 2014-жылдан баштап жыл сайын “Салам Россия!” программасы жаштар үчүн 700дөн ашуун 14 жаштан 19 жашка чейинки балдарды Россияга көп улуттуу маданият менен тааныштыруу, орус тилин үйрөнүү жана башка өлкөлөрдө досторду табуу максатында чоң иш чараларды уюштурушат.

2021-жылдан баштап Росскызматташтык волонтердук борборлор Ассоциациясы жана орус гуманитардык миссиясы менен бирге “Жакшылык миссиясы” долбоору аркылуу эл аралык гуманитардык долбоорун ишке ашырууда. Долбоор Россияда эл аралык ыктыярдуулукту өнүктүрүүгө жана чет мамлекеттер менен гуманитардык өз ара аракеттенүүгө өбөлгө түзөт [21].

Келечекте долбоор Россиянын региондорунун аймагында социалдык долбоорлорго катыша ала турган чет элдик ыктыярчылар үчүн да жеткиликтүү болот.

Росскызматташтык жыл сайын Россия Федерациясынын “Билим берүүнү өнүктүрүү” мамлекеттик программасынын “орус тилин жана Россия Федерациясынын элдеринин тилдерин окутууну илимий-методикалык, методикалык жана кадрдык жактан камсыз кылуу” процесстик иш-чаралар комплексин ишке ашыруунун алкагында юридикалык жактарга субсидия түрүндө федералдык бюджеттен грант берүү укугуна конкурстук тандоо жүргүзөт. Мындай конкурстун жеңүүчүлөрү билим берүү мекемелери болгондуктан, Кыргызстанга милииондогон каражаттар грант түрүндө келип турат [19].

Жыйынтыктап айтканда Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы байланышты чыңдоодо, өзгөчө жаштарды колдогон уюмдардын ишмердигин дагы толук изилдөөгө муктаж. Себеби, эки өлкөнүн достугун бекемдеген мамилелердин ичинде жаштар уюмдары, Росскызматташтык, мамлекеттик эмес фонддор ж.б. туруп, өнөктөштүктү жаңы деңгээлге көтөрүүдө. Миңдеген жаштар билимин өнүктүрүү максатында россиялык ЖОЖдордо атайын бөлүнгөн квота менен окуп, Кыргызстандын да өнүгүшүнө, эки өлкөнүн достугунун бекемделишине салым коушушууда.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Айдаркул Каана. Международные отношения кыргызов и Кыргызстана: история и современность / Айдаркул Каана. – Б., 215. – 342 с.

2. Акжолова Жансулуу. Взаимоотношение суверенного Кыргызстана и России на современном этапе / маг. дисс. – Бишкек, 2016.

3. Акаев А. У Кыргызстана три вектора внешней политики: Россия, США, Китай / А. Акаев // Вечерний Бишкек. – 2002. – 17 мая. – С. 6.

4. Актуальные внутренние и внешнеполитические проблемы Кыргызстана. – Б., 2011. – 75 с.

5. Бостонкулова М.Т. Концепция внешней политики и политическая безопасность Кыргызстана / М.Т. Бостонкулова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2015. – №4. – С. 207–209.

6. Власов В.С. Стратегическое партнерство Российской федерации и Кыргызской Республики: предпосылки и основные направления /В.С. Власов.- Бишкек, 2012. – 307 с.

7. Внешняя политика стран СНГ: Учебное пособие для студентов вузов/ Ред.-сост. Д.А.Дегтерёв, К. П.Курылёв. – М.: Аспект пресс, 2017. – 496 с

8. Воропаева В., Джунушалиев Д., Плоских В.М. История кыргызско-российских взаимоотношений. – Бишкек: КРСУ, 2000. – 246 с.

9. Джекшенкулов А.Д. Новые независимые государства Центральной Азии в мировом сообществе /А.Д. Джекшенкулов. – М.: Научная книга, 2000.

10. Джекшенкулов А.Д. Россия – Кыргызстан: этапы развития межгосударственных отношений и их перспективы / А.Д. Джекшенкулов// Центральная Азия: внешний взгляд: Международная политика с центрально-азиатской точки зрения. – Бишкек, 2009.

11. Курбанова Н.У. Интеграция Кыргызстана в мировое образовательное пространство. – Б., 2007.

12. Кыргызстан – Россия. История взаимоотношений: Сб. док. и матер. – Б., 1998. – 582 с.

13. Момошева Н.К. Проблемы взаимоотношений Кыргызстана с развитыми странами мира; исторический опыт и перспективы / Н.К. Момошева // Вестник Кыргызского Государственного Национального университета, серия 5 (труды молодых ученых ЦМАНОП), в. 1-2 (Гуманитарные и экономические науки), 2000. – С. 79–82.

14. Мураталиева З.Т. Россия и Китай в Центральной Азии и фактор ШОС / З.Т. Мураталиева. –Б., 2009. – 151 с.

15. Осмонова А.А. История становления внешнеполитического сотрудничества между Кыргызской Республикой и Российской Федерацией в новых геополитических условиях / А.А. Осмонова// Вестник КРСУ. – 2018. – Т. 18. – №7. – С. 156–159.

16. Россия и государства Центральной Азии. – Б., 2021. – 109 с.

17. Токтомушев К. Внешняя политика независимого Кыргызстана / К. Токтомушев. – Бишкек: Сабыр, 2001. – 192 с.

18. http://www.rusinkg.ru/rf-i-kr/content/5-rf-i-kr/32-rossotrudnichestvo-rf-v-kr

19. https://kyrgyz.mid.ru/-/o-nacale-priema-dokumentov-na-besplatnoe-obucenie-v-vuzah-rossii

20. https://mosds.mos.ru/

21. Концепция внешней политики Кыргызской Республики от 11 марта 2019 года. URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/430045

**Рецензент: тарых илим. канд, доц. Асекова С.У.**